КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
АК-СУУ РАЙОНУ

КАРАКОЛ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
КАРАКОЛ

# ТОКТОМ

2026-жылдын "30" 04 №8 Каракол айылы

## Каракол айыл айылындагы ички чарбалык ирригациялык,дренаждык тутумдардын жана суу чарба курулмаларынын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинен, Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө

Каракол айыл аймагынын жергиликтүү Кенеши, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 "Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өткөрүү" жөнүндөгү токтомун аткаруу максатында, Ак-Суу району боюнча жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгынын негизинде түзүлгөн тизмеге ылайык, 1 жана 2 иреттеги каналдарды Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгынын карамагына кабыл алуу боюнча жергиликтүү Кенештин макулдугун берүү боюнча айыл өкмөтүнүн кайрылуусун карап, таанышып чыгып Каракол айыл аймагынын жергиликтүү Кенеши **токтом кылат:**

1. Каракол айыл айылындагы ички чарбалык ирригациялык,дренаждык тутумдардын жана суу чарба курулмаларынын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги Тепке, Курбу, Жылдыз, Шапак, Отрадное, Орлиное,Каракол, Чолпон айылдарындагы жалпы 135,155 км ички чарбалык жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгынын негизинде түзүлгөн реестрине ылайык, 1 жана 2 иреттеги каналдарын Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгынын карамагына кабыл алууга макулдук берилсин..

2.Каракол айыл аймагындагы сугат суу каналдарын Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү боюнча тиешелүү иш жүргүзүү айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Арипповго милдеттендирилсин.

3.Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча агенттиктин сайтына жарыялансын.

4.Каракол айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Ч.Садамбекова бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо жагы жер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.М. Алымбаев**

Жиберилди: Ик-1,облустук юстиция башкармалыгына-3, а/ө-1, Ак-Суу рай суу чарба б-на-5